КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

29.03.2022-жыл. №10/3 *Жар-Кыштак айылы.*

Ырыс айыл кеңешинин кезексиз X сессиясынын
токтому

Сузак районуна караштуу Ырыс айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» кабыл алынган ПЖ № 54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл кеңешинин социалдык маселелер боюнча комиссиясынын 22.04.2022-жылдагы «Кыргыз Республикасынын Президентинин үй-бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү» токтомун эске алуу менен Ырыс айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобону ишке ашыруу планын угуп жана талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сузак районуна караштуу Ырыс айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобо бекитилсин.

2. Ырыс айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча иш алып баруу, тиешелүү чараларды көрүү жана көзөмөлдөө жагы айыл кеңешинин депутаттарына, айыл өкмөтүнүн адистерине жана аймактагы бардык жетекчилерге (менчигинин туру кандай формада болушуно карабастан) жекече миллдеттендирилсин.

3. Токтомдун оз убагында аткарылышын уюштуруу жана көзөмөлдөө жагы Ырыс айыл кеңешинин социалдык маселелер жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясына жана Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко милдеттендирилсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Торага** **Кадиркулов Ш.М.**